КАРАЛДЫ

Педагогикалык

Кеңештин №1 протоколу

05.09.2022г.

БЕКИТЕМИН

К. Маликов атындагы ЖББ

орто мектебинин директору

Чортонова Н.Т.

**К. Маликов атындагы ЖББО мектебинин жогорку класстарынын окуучуларынын кеңеши жөнүндө жобо**

**I.Жалпы жоболор**

- Мектепте ар бир баланын коомдошусун камсыз кылган өз алдынча башкаруу системасы иштейт. Окуучулардын мектептик Кеңешине 8-11 класстын окуучулары кирет. Окуучулардын Кеңешин чыгармачылык иштердин демилгечиси болуп эсептелет жана класстык окуучулук Кеңештерди багыттайт.
- Мектептик өз алдынча башкаруу-ар бир окуучу өзунун ордун аныктай ала турган, өзүнүн мүмкүнчүлүлүктөрүн жана шыктарын көрсөтүп колдоно ала турган бирдиктүү жана өз алдынча жашоонун өтүшүнүн режими.
- Балдардын коллективинин активдүүлүгүнүн өсүшү үчүн чоңдордун жана балдардын өз ара мамилелеринин стили чечүүчү ролду ойнойт. Бул жерде балдардын күчүнө ишенүү, алардын демилгелерин, өз алдынча ишмердүүлүгүн максималдуу колдонууга жана өнүктүрүүгө умтулуу, коллективдин жашоосундагы бардык маселелерди чечүүдөгү алардын өз алдынчалуулугун тарбиялоо.
- Окуучулардын өз алдынча башкаруусу балдардын жана педагогдордун өз ара байланышын сөзсүз түрдө талап кылат. Балдар чоңдордун жардамына муктаж, өзгөчө эгерде аларда өз ара мамилелердин көйгөйлөрү болсо.
- Психологиялык билимдерге ээ жана педагогикалык тажрыйбага ээ мугалим өз убагында коллективдеги конфликти алдын ала токтото алат, баланын ишмердүүлүгүн туура жакка багыттап, балага көйгөйлөрүн чечүүдө, өзүнүн ордун бекемдөөдө жардам бере алат. Бала үчүн жумушту жасабай жардам гана берет, болбосо балдар өзүнүн кызматына формалдуу мамиле жасап калышат. Балдар иш жүзүндө жумуштун белгилүү бөлүктөрүн уюштуруучу болушу үчүн аларга жөн гана укукту берип коюу жетишсиз, аларды өздөрүнүн милдеттерин аткарууга жана өзүнүн укуктары менен колдонууга үйрөтүү зарыл. Ата-энелер комитети тарабынан дагы колдоо көрсөтүлөт жана ар кандай жардам берилет.